# Зордук-зомбулукту алдын алуу боюнча иш кагаздар

Сканировано с CamScanner

**Шапак Рысмендеев атындагы орто мектебинде 2021-2022-окуу жылындагы 17-декабрь 2019-жыл №253б буйругунун негизинде «Үй бүлөлүк камкордук, турмуштук оор абалдагы үй бүлөлөр үчүн коомдук деңгээлде үй бүлөнү бекемдөөгө багытталган социалдык кызмат көрсөтүүнү өнүктүрүү» долбоорунун алкагында аткарылган иш-чаралар тууралуу маалымат**

**06-июнь 2022-жыл** **Кара-Суу айылы**

- Шапак Рысмендеев атындагы орто мектебинде 2021-2022-окуу жылында **17-декабрь 2019-жыл №253б** буйругунун негизинде «Үй бүлөлүк камкордук, турмуштук оор абалдагы үй бүлөлөр үчүн коомдук деңгээлде үй бүлөнү бекемдөөгө багытталган социалдык кызмат көрсөтүүнү өнүктүрүү» долбоорунун алкагында план түзүлгөн
- ТОК үй бүлөлөргө жана балдарга карата мониторинг жүргүзүү жана контролдоо боюнча штабдын курамы түзүлгөн. Алар төмөнкүлөр:
  - Ак-Кыя айыл өкмөтүнүн башчысы Мамырбаев Алымбек Бирназрович-төрагасы
  - Ак-Кыя айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы Б.Токсонова-мүчөсү
  - Ак-Кыя айыл өкмөтүнүн соц.кызматкери Б.Дүйшембиева-мүчөсү
  - Ш.Рысмендеев атындагы орто мектебинин директору Б.Боoбек уулу-мүчөсү
  - Ш. Рысмендеев атындагы орто мектебинин ТИУсу Батталов У.-мүчөсү
  - Ш.Рысмендеев атындагы орто мектебинин со.педагогу Ч.Көкүмбаева-мүчөсү
  - Кочкор РИИБ өспүрүмдөр менен иштөө бөлүмүнүн милициянын ага лейтенанты М.Ибраев-мүчөсү
  - Участкалык инспектор Кожокматов Закир-мүчөсү
  - №1 ҮДТ башчысы А.Садыкова-мүчөсү
  - Ак сакалдар соту- Мамытов Карымшак
  - Аялдар кеңеши- Талантбек кызы Аида
  - Жаштар уюмунун төрагасы Кадыров К.-мүчөсү
- Ак-Кыя айыл өкмөтүнүн Кара-Суу айылынын тургуну Казаков Жолдошбек ТОК үй бүлө деп аныкталган. Бул үй бүлөдө Ш.Рысмендеев атындагы орто мектебинде 4 баласы окуйт. Алар:

| № | Аты, жөнү | Туулган жылы | Мектеп классы |
|---|---|---|---|
| 2 | Жолдошбек уулу Темирбек | 21.05.07 | 8а |
| 3 | Жолдошбекова Жанара | 14.04.09 | 6в |
| 4 | Жолдошбеков Өмүрбек | 28.07.11 | 5а |
| 5 | Жолдошбеков Жакшылык | 27.01.08 | 7б |

- Мектепте бул окуучуларга төмөнкүдөй жардам көрсөтүлгөн.

1. Китеп менен толдук камсыз кылынган.
2. Мектепте 2 коопсуздук кызматкери бар. Аларга айлык акы ата-энелер тарабынан камсыз кылынган. Бул окуучулар ушул төлөө фондусунан 100% бошотулган.

Сканировано с CamScanner

- ТОК үй бүлөлөргө жана аз камсыз үй бүлө балдарына матриалдык жардам берилди, жардам берген айылдын тургуну жеке ишкер **Токтогонова Гүлмиранын** демоорчүлүгү менен окуучуларга форма, ак кофта, юпка, маданий иш-чараларга майрамдарда кийилүүчү кийимдер менен камсыз кылды.

- **0 класс** Асангулова Э. Асанова А. Бактыбекова А. Сабралиева А.

- **2-класс** Тынарбекова , Рахатбеков Д. Болотбекова А. Керимбекова А. Текшербекова А. Ашырбекова М.. Эркинбек кызы. Карымшакова **4-класс** Нааматкулова Н. Согушбекова А. Асирдинова И. Кыдырова А.

- Мектепте ТОК оор үй бүлөлөрдүн балдарына аз камсыз, соц жетим, көп балалуу үй бүлөлөрдүн балдарына"Жаштар биздин келечек аттуу иш-**чарага " Ал ихлас" кайрымдуулук фонд** тарабынан төмөндөгү окуучуларга, жагымдуу маанай тартууланып Чолпон кино театрга алып барышты. Ал жерден "Доске" кинофлим патриоттук кино көрүштү жана балдарга сок, таттуу балмуздак менен сыйлашты.

- Барган окуучуларыбыз төмөнкүлөр.

- **9-класс** Жыргалбек кызы Жанара Баатарыбек уулу Усман каныбек кызы Айбийке

- **8-класс** Кадырбек кызы Жибек,

- **7-класс** Алихан Эсенбеков

- **6-класс** Асанбекова Мадина, Алияскарова Байел

- **5-класс** Жолдошбеков Өмүрбек ,

- **4-класс** Аманбекова Арууке Кыдырова Алия Эркинбек кызы Нагима

- **3-класс** Кутманалиев Нурислам

- . Ш. Рысмендеев атындагы орто мектебиндеги томолой, жарым, соц жетим, көп балалуу, ТОК турмуш шарты үй бүлөдогү балдарга жана аз камсыз үй бүлө балдарына "Жаштар биздин келечек аттуу иш-чарага **" Ал ихлас" кайрымдуулук фонд** тарабынан окуучуларга жагымдуу маанай тартууланып Чолпон кино театрга алып барышты. Ал жерден "Доске" кинофильм патриоттук кино көрүштү жана балдарга сок, таттуу балмуздак менен сыйлашты.

- Барган окуучуларыбыз төмөнкүлөр.

- **9-класс** Жыргалбек кызы Жанара Баатарыбек уулу Усман каныбек кызы Айбийке

- **8-класс** Кадырбек кызы Жибек,

- **7-класс** Алихан Эсенбеков

Сканировано с CamScanner

- **6-класс** Асанбекова Мадина, Алияскарова Байел
- **5-класс** Жолдошбеков Өмүрбек ,
- **4-класс** Аманбекова Арууке Кыдырова Алия Эркинбек кызы Нагима
- **3-класс** Кутманалиев Нурислам
- **класс** Нааматкулова Н. Согушбекова А. Асирдинова И. Кыдырова А.

**01.06.**2022 **1-июнь балдарды коргоо күнуно** карата мектептеги ТОК оор үй булөлөрдун балдарына аз камсыз, соц жетим, көп балалуу үй бүлөлөрдүн балдарына"Жаштар биздин келечек аттуу иш-чарага **" Ал ихлас" кайрымдуулук** фонд тарабынан төмөндөгү окуучуларга ар биирне 1000 сомдук концтовар, 4 маалысык тамак жана жагымдуу маайнай тартуулап концерт корүштү.

- 4-а класс Адилова Жибек
- 4- а класс Ашырбекова Сумая
- 2-б класс Эсенбеков Максат.
- 4-б класс Согушбекова Айжамал.
- 4-б класс Чыңгыз кызы Амина

**Соц.педагог:** **Ч.Көкүмбаева**

Сканировано с CamScanner

# Эскертүү

Балдардын эмгегин пайдаланууга тыюу салынат.

1. Кыргыз Республикасында менчигинин түрүнө карабастан ишканаларда, мекемелерде жана уюмдарда, анын ичинде кооперативдерде, үй-бүлөлүк жана ижаралык подрядда балдарды мажбурлаган же анын ден соолугуна жана (же) денебой, акыл эс, рухий, адептик жана (же) моралдык өсүшүнө зыян келтирүүчү эмгектин бардык түрлөрүнө тыюу салынат.

2. Кыргыз Республикасында балдардын эмгегин пайдаланган жумуштардын жаман түрлөрүнө тыюу салынат.

Эмгек шарты зыяндуу же опурталдуу жумуштарда, жер астындагы жумуштарда, ошондой эле балдардын ден-соолугуна жана адептик өсүшүнө зыян келтирүүсү мүмкүн болгон жумуштарда ( оюн-зоок бизнесинде, түнкү кабаре жана клубдарда, спирт ичимдиктерин, тамеки буюмдарын, баңгизаттуу жана уулуу дары-дармектерди ж.у.с. өндүрүүдө, ташып жеткирүүдө жана сатууда) балдардын эмгегин пайдаланууга тыюу салынат.

Балдардын алар үчүн белгиленген ченемдик ашык оор нерселерди көтөрүүлөрүнө жана ташууларына тыюу салынат.

( КР Балдар Кодекси 40-статья)

Минималдуу жашка жете элек (14 жаш) балдарды жумушка алган жумуш берүүчүлөр жоопкерчиликке тартылат.

Жаш өспүрүмдөрдүн ар күндүк иштин (кызматын) узактыгы төмөнкүлөрдөн ашпашы керек:

14төн 16 жашка чейинки курактагы кызматкерлер үчүн-5 сааттан, 16дан 18ге чейинкилерге -7 сааттан;
жалпы билим берүүчү уюмдардын (мектептердин), башталгыч жана орто кесиптик билим берүү уюмдарында окуган, окуу жылынын ичинде окуусун иш менен айкалыштырган 14төн 16га чейинки курактагыларга- 2,5 сааттан, 16дан 18ге чейинки курактагыларга- 3,5 сааттан.

(КР Эмгек Кодекси 95-статья)

Эскертүү менен тааныштым, түшүндүм, көчүрмөсүн алдым :

Кокумбаева Чолпон ______ (А.А.А) ______ (колу)

«5» февраль 2013 -жыл

**Зордук зомбулуктун себептери, алдын алуу жолдору**

Мектеп — коомдун өнүгүшүнө түз да кыйыр да таасир этет. Балдардын мектепте билим-тарбия алуу процессинде көзмө-көз кездешип жаткан оң-терс көрүнүштөр, үй-бүлөдөгү социалдык абалы алардын инсан катары калыптанышында чечүүчү ролду аткарат десек аша чапкандык болбойт. Ошондуктан мектеп менен бирдикте төмөнкүлөр ата-энелердин эсинде болуусун талап кылышыбыз керек:

-Эч качан балдарды көчөдө кароосуз жалгыз, көзөмөлсүз басып жүрүүсүнө жол бербөө;

Эгер балдар мектепте окуй турган куракта болсо, алар кайсы жерде жана ким менен убакыт өткөрүп жүргөнүн дайым мектепке маалымдап туруусу керек экендигин билүүсү керек.

Балдарга коркунучтуу жерлерге барууга тыюу салуу керектигин, чара колдонууну эстеринен чыгарбоосу керек экендигин билүүсү зарыл.

- үйдүн же мектептин жанында, жалгыз максатсыз жүргөн бейтааныш эркек адамдардан сак болуусун эскерткиле;

- балдарыңар окудан, кружок же секциялардан үйгө келер учурда, бирге чогуу окуган классташтары менен келүүнү сунуштагыла, андай мүмкүнчүлүк жок болсо аларды өзүнөр тосуп алганга аракет кылгыла;

- Эгер сизге балаңыз бейтааныш адам аны же башка баланы кугунтуктап, же болбосо ырайымсыз мамилелерди сунуштагандыгы жөнүндө маалым болсо, ошол замат милицияга кайрылуу керек;

- Балдарыңар менен жылуу жана ишенимге кирген негизде мамиле, түзгүлө. Анткени кырсыка көбүнчө үйүндө жылуу мамиле болбогон жана көңүл бурулбаган балдар кабылышат.

Эгерде мындай зордук зомбулук өзүнүн үйүндө болгон учурларда, бал: өзүнүн туугандарынан жабыркаса, мындай убакта кылмышкер көбүнч- жоопкерчилике тартылбай калып калат. Ошондой учурларда бала аны өзүнү туугандары тарабынан коргоого алынбай, эч кандай колдосуз калып өмү бою анын жүрөгүндө кала берүүсү мүмкүн.

Сканировано с CamScanner

Үй -бүлөдөгү жумушсуздук, атасы же энесинин ичкиликке берилип кетиши, балага болгон жоопкерсиздик, ата-энелердин балдарын кароосуз таштап салып жумуш издеп миграцияга байланыштуу чет өлкөгө кетиши, айрым энелердин үйүндө убактылуу жашап жүргөн чоочун бир эркекке балдарын калтырып коюп жумушка кете бериши - мына мунун баары жаш балдардын зомбулукка кабылышына түрткү болууда. Кыргызстанда балдарга карата зордук-зомбулуктун эң көп жайылган түрү- үй-бүлөдөгү басмырлоо эсептелет. Баланын укугун коргоо үчүн мамлекет дагы кайдыгер карабастан шарттарды түзүп бериши керек. Ар бир баланын мектепке, бала бакчага барууга мүмкүнчүлүгү, шарты, каражаты жетишпейт. Бул жаатта, жалаң эле Билим берүү жана илим министрлиги же Социалдык өнүгүү министрлиги эле эмес, жергиликтүү бийлик органдары дагы көңүл бурушу керек. "Кайсы көчөдө кандай көйгөйлүү үй-бүлө бар?" деп ар бир айылдагы ар бир айыл өкмөтү көзөмөлгө алып, балдардын укугун коргоп баа берүүсү зарыл. Ар бир аймакта айыл башчысы бар. Зомбулук кайсы бир социалдык топ үчүн гана көрсөтүлүп жатат деп айта албайбыз, алдуу-күчтүү, каражаты жетишкен үй-бүлөлөрдө дагы зордук-зомбулуктар жасалган учурлар бар. Дүйнө жүзүндө коомчулук болгон жерде, адам болгон жерде, ал гана эмес өнүккөн өлкөлөрдө дагы зомбулук менен катталган фактылар жок эмес. Ал жакта бул маселеде тартип катуу, атайын система түзүлгөн. Зомбулук көрсөткөн адам дароо жоопкерчиликке тартылып, баланын укугу корголот

Дарыгерлердин айтымында, акыркы учурларда балдарга үй-бүлөлүк зомбулук көрсөткөндөрдүн көбү жетиштүү жашаган үй-бүлөлөрдө дагы кездешип жатат.

"Мисалы, ооруканага жаткырылган балдардын 82 пайыз учурда балдарды катуу сабашкан жана алардын 10 пайызда сексуалдык мүнөздөгү зомбулук көрсөтүшкөн. Биз мындай учурлардын көбү жакыр үй-бүлөлөрдөн эмес, кадимкидей эле жакшы жашаган, ата-энеси бар эле үй-бүлөлөрдө болорун байкадык. Бирок зомбулуктун 77 пайызы алкоголь ичимдиктерин ичкенден кийин болоору такталды. Биз ошондой эле кээ бир балдар кайра-кайра сабалып ооруканага жаткырылган учурларды дагы каттап жатабыз. Бир бала төрт жолу сабалып, төрт жолу тең сөөгү сынып келген учур болду. Дагы бир баланы камчы менен уруп сабаган учур катталган",-деген маалыматтар бар.

Балдардын денесине залал келтирип уруп- сабоодон тышкары, Кыргызстанда акыркы жылдарда аларга карата сексуалдык мүнөздөгү зомбулук көрсөтүү көп катталууда.

**Эрте турмушка берүү**

“Эртең сен башка бүлөнүн кызы болосуң, алар менен жашайсын” деп айтып туруусу керек. Тилекке каршы, кайын журту тараптан кичине эле катуу сүйлөп койсо, келиндер чыдабай “жашабаймын” деп жатышат. Апасы менен сүйлөшсөң апасы да “ тогуз ай ичиме баткан кыз сыртыма батпай калат бекен, өзүм эле багып алууга күчүм жетет” деп баардык нерсе энеден болуп жатат. Эне менен атага көп жоопкерчиликти жүктөш керек

- Күндөн күнгө уруп-токмоктоого дуушар болгон аялда коргонуу инстинкти пайда болот да, аффектик абалда ар кандай күтүлбөгөн кадамдарга барышы мүмкүн.Көпчүлүк учурларда мындай кол салуулар кылмышка алып келет. Республиканын абак жайларында кармалган аялдардын 80 пайызы КР мыйзамынын “киши өлтүрүү, кол салуу” беренеси боюнча соттолгондор болуп эсептелет.

Бириккен улуттар уюмунун аялдар агенттигинин изилдөөсү боюнча үй-бүлөдөгү зордук – зомбулуктан жабыркагандардын арасында 58% аял,18% жаш балдар жана 13% кары-картаңдар,7% эркектер. Мындай терс көрүнүштордүн саны күндөн күнгө өсүүдө. Адистердин айтымында айтылган көйгөй менен бүткүл коом биргеликте күрөшпөсө эч кандай натыйжа болбойт.

Сканировано с CamScanner

# Кыз ала качуу деген салтпы же кылмышпы?

**Салт эмес, бирок ата-эненин тапканына наарazы болуп, каалаганы менен баш кошконго бел байлагандардын илгертен берки амалы болгон. Бирок андайда кыз да, жигит да өз эрки менен, кол кармашып, качышкан. Кадимки Боомдогу Кыз\ Күйөө деген Айылдын аты дал ошондой кол кармашып качып, кийин колго түшүп, зөөкүрдүк менен өлтүрүлгөн кыз жигиттин атынан койулган.**

**Ала качып келген кыздын калыңын төлөө да кыйла оңойураак болгон, анда кыздын ата\ энесинини алдына түшүп, калыңын ата-энеси бычкандай эмес, колунан келгенин гана беришчү. Ошол себептен кийин муну көпчүлүк адат кылып алышкан. А зордуктап кыз ала качуу болсо кадимки эле зөөкүрдүк, зордуктоо болуп эсептелет. Күчкө салып алып келген кыз кээде ала качып баратканда өлүп да калган учурлар болгон дешет. Андай бир окуя Көл тарапта экен: окууга барам деп жол тосуп турган бир кызды зөөкүр балдар, Москвичтин богажнигине сала качып, айылга жеткиче кыз чырылдап, чыга албай , богажникти тепкилеп жатып, тумчугуп калган. Жолдон ачып карашса, кыз өлүп калыптыр. Аны көрүп балдар коркуп, кызды көлдүн жээгиндеги калың камышка ыргытып жиберишкен экен.**
**Ал кылмыш көп жылдан кийин ачылып, бир компанияда олтуруп, аракка тойгон бирөө "жаш кезде ушунтип кызы алагачканбыз" деп айтып салат. Ал жерде капилеттен чогуу конок болуп калган кыздын бир жеңеси угуп калып, дайыны жок жоголгон байкуш кайын-сиңдимди ушулар өлтүрсө керек деп бүшүркөп, милицияга билдирет. Советтер союзунда мындай кылмышты катаал жазалачу, жанагы бакылдаган кишинин жана башкаларды бат эле кармап, кыздын өлүгүнүн калдыктарын таптырышкан. Ал кылмышкерлердин алды өлүмгө, арты көп жыл түрмөгө кесилип, көп жылдан кийин жазасын алышкан. Бул окуяны ошол кыз жоголгон айылга турмушкан чыккан эжем көп айтып калчу эле, ырааматылык. Анан кыз алакачканды кантип зөөкүрдүк дебейбиз!**
Ошондой эле Акыйкатчынын адам укуктарын коргоо боюнча 2009-жылга карата докладында айыл жерлеринде никелердин 60 пайызы ала качуунун аркасы менен кыйылгандыгы көрсөтүлгөн. Анын ичинде үчтөн экиси кыздын макулдугу жок кыйылган. Мында Баткен, Ош облустарында ала качуунун кесепетинен ВИЧ СПИД ооруларынын жайылуу коркунучу да бар экени белгиленет. Ал эми Борбордук Азиядагы Америка университети менен «Сорос-Кыргызстан» фонду тарабынан жүргүзүлгөн «Кыргыз айылдарындагы ала качуу» аттуу изилдөөсүндө «Эмне үчүн ала качтыңар?» деген суроого төмөндөгүдөй жооптор айтылган:

**Эмне үчүн ала качтыңар?**

Бул колукту алуунун салттуу жолу 38%
Кыз никеге туруудан баш тартышы мүмкүн эле 29%
Кыздын башка адамга турмушка чыгуусуна жол бербеш үчүн 28%
Кыз никеге туруудан баш тарткан 12%
Кыздын ата-энеси макулдугун бербей коюшу мүмкүн 7%
Калың төлөй албай 3%
Кыз кош бойлуу болуп калган 2%
Жигиттин ата-энеси макул болбой коюшу мүмкүн эле 1%
Жогорудагы иликтөөлөрдүн натыйжасында ала качууга бир катар себептер негиз болуп жатканы байкалат:

**Коммуникациялык-маданий же психологиялык себеп.** Көбүнчө айыл жеринде үй-бүлө ала качуунун артынан курулат. Жигит кыз менен сүйлөшкөндү билбейт. Мында негизги көйгөй кыздар менен жигиттердин үй-бүлө куруу боюнча түшүнүктөрүнүн эки башка болгону себеп болот. Алса, «мыкты түгөй» же «идеалдуу, ойдогудай адамды» издөө, кыздар же жигиттер жаман деп калыптанган көндүм түшүнүктүн болушу тоскоолдук кылат.

Сканировано с CamScanner

**Укуктук сабатсыздык жана укук коргоо органдарынын начар иштегени.** Укук коргоо органдарына болгон ишеничтин жоктугу да ала качууга жол ачат. Айрымдар милицияга кайрылуунун кажети жок, алар жардам бере албайт деп эсептейт. Анткени ала качууга карата тийиштүү жаза көрүлбөйт.

**Социалдык себеп.** Шаар жашоосунун кызыгы бүтүндөй жаштарды айылдан алыстатууда. Аял-эркектин социалдык ордун бөлүштүрүү да ортодогу байланышка кедергисин тийгизет. Кыздар жогорку билимге ээ болуп, иштеп, өз алдынча жан багууну үйрөнгөн. Мындай шартта мырзалардын үй-бүлөнү камсыз кылуу жана коргоо милдетин аялдар өздөрүнө сиңирип алган кырдаал түзүлөт.

**Экономикалык себеп**. Ала качуунун кулач жайышына экономикалык кырдаал же жакырчылык таасирин тийгизиши мүмкүн. Бир жагынан колунда жоктор ала качуу менен азыраак чыгым жумшап, той өткөрүүнү көздөйт.

**Ала качуунун натыйжалары:**

**Ажырашуунун көбөйүшү**. Психологдордун айтымында, бири-бирин тааныбай туруп, баш кошкондордун арасында ажырашуу көп болот. Карапайым жарандар да ажырашууга ала качуу негиз болот деп эсептешет. Мындан тышкары, ажырашууга өз ара түшүнбөстүк да себеп болоору белгиленген. Ал эми түшүнбөстүккө жубайлардын бири-бирин жакшы тааныбагандыгы түрткү болот.

**Социалдык жетимдердин көбөйүшү**. Ажырашуунун көбөйүшүнүн кесепетинен социалдык жетимдердин саны өсүп жатат. Кыргызстанда жетим жана кароосуз калган балдарды камкордукка алган ондогон мекемелер бар. Мындай жайларда тарбияланып жаткандардын дээрлик 80 пайызы социалдык жетимдер болуп саналат.

**Аялдардын оорулары.** Бизде мектепти жаңы аяктаган кыздарды көп ала качышат. Окутуп, иштетүүнүн ордуна тезирээк аял кылып алууга ашыккандар көп. Эрте никеге туруу улуттун генофондуна коркунуч келтирет. Бул майып балдардын көп төрөлүшүнө, эненин өлүмүнүн күч алышына алып келет. Кыргызстанда энелердин өлүмү бүтүндөй Евразия боюнча жогору болуп саналат. Республикада 100 миң төрөгөн аялдын 66сы көз жумат. Ал эми ымыркайлардын өлүмү миң балага 35и туура келет.

Кыргызстан ала качууга бөгөт койгон бир катар эл аралык документтерди ратификациялаган. Алсак, Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 16-беренесинде «нике эки тараптын макулдугуна гана негизделиши керектиги» айтылат. Никеге турууга макулдук берүү, нике курагы жана никени каттоо жөнүндө конвенцияда «эки тараптын толук жана эркин макулдугусуз никеге турууга жол берилбей тургандыгы» белгиленген.

Сканировано с CamScanner

## Зомбулуксуз мектеп

**Сабактын максаты:**

- Мугалимдер БУУнун Балдар укуктарынын конвенциясын билим берүүдө кандай колдоноорун талкуулашат.
- Балдар укуктарын жана жоопкерчиликтерин эмне үчүн маанилүү экендигин талкуулашат.
- Ситуацияда иштөө менен балдардын укуктары кандай бузулуп жатат жана алардын келечекте кандай таасири бар экендигин талкуулашат.

Сабактын жүрүшү.

**I. Шыктандыруу**

1. Балдар укугунун Конвенциясын билесиздерби?
2. Качан кабыл алынган?
3. Кайсы уюм кабыл алган?
4. Канча мамлекет кол койгон?
5. Кыргызстан качан кошулган?
6. Конвенция эмне себептерден келип чыккан жана эмнеге багытталган?

**II. Презентация**

<u>Азыр сиздер ушул конвенциянын кыскартылган 34 статьясы менен таанышып чыккыла.</u> (handout 1) Бул статьялардын кайсынысы билим берүү/алууга байланыштуу? Катышуучулар кайрадан статьяларды карап чыгышат жана суроого жооп беришет. Фасилитатор доскага статьянын номерин жазып укукка байланыштырат.

**Мисал жооптор:**

2-Статья жаш өзгөчүлүгү боюнча; 3-статья дискриминацияланбаш керек;
12-статья өз ой-пикирин айтуу укугу; 16-статья ар бала өзүнө жеке пространство болушу керек; 19-статья зомбулуктан коргоо; 28-статья билим алуу, дисциплина. 31-статья эс алууга. Ойноого укугу бар; 34-статья экспоатация жана сексуалдык кордуктан коргоо укугу

- ✓ Бул статьялардын кайсынысы кыздар жана балдардын тең укуктуулугуна байланыштуу?
- ✓ Мугалимдер, мектеп жамааты конвенциянын кайсы статьяларына салым кошо алат? Кантип?

<u>Белгилеп кетчү нерсе</u>: Укуктар менен бирге жоопкерчилик болуш керек. Балдар укуктарга ээ жана ошол эле мезгилде жоопкерчиликтери бар. Укук менен жоопкерчилик ажырагыс нерсе. Балдардын укуктарга ээ болуусу чоңдордун бийлигине коркунуч туудурбайт.

Суроо: Балдардын бул укуктарына байланышкан кандай жоопкерчиликтери бар?

Мисалы:

- ✓ Тең мамиле укугу менен бирге балдар жанындагы балага да тең кароо жоопкерчилиги бар.
- ✓ Зомбулуктан коргоо укугу менен бала жанындагы баланы дагы зомбулукка дуушар кылбоо жоопкерчилиги бар.
- ✓ Билим алууга укугу бар жана окуу жоопкерчилиги бар.
- ✓ Балдардын укуктарын жана жоопкерчиликтерин билүү жана талкулоо эмнеге маанилүү экендигин 3 мисалын жазгыла жана айткыла.

**III. Практика/Бышыктоо**

Азыр 3 группага бөлүнөбүз жана мен сиздерге 3 ситуация берем.
Тапшырма: Ситуацияны группада окуп чыгып, төмөндөгү суроолорго жооп бергиле:

- ✓ Балдар укугунун кайсы статьясы бузулуп жатат? Статьянын номерин айткыла. Бирден ашык статья бузулушу мүмкүн.
- ✓ Бул укук бузуу балага кандай таасир келтириши мүмкүн?

**IV. Колдонуу**

- ✓ Мектепте балдар укуктарын жана жоопкерчиликтерин талкуулоо эмне үчүн маанилүү деп ойлойсуздар?
- ✓ Бул сыяктуу тренингдерди кандай кылып улантсаңыздар болот?
- ✓ Кимдерге өтсөңөр болот? (класс жетекчилерге, окуучуларга, ата-энелерге)

Сканировано с CamScanner

# НЕГИЗГИ БӨЛҮК

## 1-БЕРЕНЕ Мекеме аралык өз ара аракеттешүү жөнүндө атайын токтом.

Зомбулуктан жабыркаган балдарга жардам көрсөтүү боюнча мекеме аралык өз ара аракеттешүү жөнүндө атайын токтом – бул, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын өз ара аракеттешүүсүнүн тартиби көрсөтүлгөн документ (иш кагаз) жана бул документте билим берүү мекемесинде зомбулуктан жабыркаган балдарга жардам көрсөтүүдө, тиешелүү мекеме, уюм, органдардын жасоосу керек болгон иш аракеттердин тартиби көрсөтүлгөн.

## 2-БЕРЕНЕ Мекеме аралык өз ара аракеттешүү жөнүндөгү токтомдун максаты

Берилген Мекеме аралык өз ара аракеттешүү жөнүндөгү токтомдун максаты, билим берүү мекемелеринде зомбулуктан жабыркаган балдарга жардам көрсөтүү жана алдын алуунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу болуп эсептелет.

## 3-БЕРЕНЕ Мекеме аралык өз ара аракеттешүү жөнүндөгү токтомдун милдети.

Мекеме аралык өз ара аракеттешүүнүн милдеттери:

3.1. Өз убагында тийиштүү чараларды көрүү максатында, жалпы билим берүү мекемесинде зомбулукка кабылган фактылар боюнча маалымат алуунун ыкчамдыгын жогорулатуу.

3.2. Жалпы билим берүү мекемесинде зомбулуктан жабыркаган окуучулардын бузулган укуктарын калыбына келтирүү жана кийинки реабилитация үчүн бейтараптуу алдын алуу жана коргоо системасын түзүү.

3.3. Зомбулукка кабылган балдардын, алардын ата-энелери, үй-бүлөлөрү, жакындары жана адистер үчүн жардамга кайрыла турган кызмат жана уюмдар жөнүндө толук жеткиликтүү жана ачык маалыматтын пайда болуусу.

3.4. Билим берүү мекемесинде зомбулуктан окуучу жабыркаганы табылган учурда адистердин иш-аракеттеринин жалпы алгоритмин иштеп чыгуу.

## 4-БЕРЕНЕ Жалпы билим берүү мекемесинде ырайымсыз мамиледен жабыркаган окуучуларга жардам көрсөтүү боюнча мекемелер аралык өз ара аракеттешүүнү уюштуруу

Мекемелер аралык өз ара аракеттешүү – бул, жалпы билим берүү мекемесинде зомбулуктан жабыркаган окуучуларга жардам көрсөтүү жана коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жана алардын аймактык бөлүктөрү, билим берүү, социалдык өнүктүрүү, саламаттыкты сактоо чөйрөсүндөгү уюмдар, жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, укук коргоо органдары, Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын өз ара аракеттешүүсү.

Сканировано с CamScanner

## 5-БЕРЕНЕ Мекемелер аралык өз ара аракеттешүүнүн катышуучулары.

Мекемелер аралык өз ара аракеттешүүнүн катышуучулары билим берүү процессинин катышуучулары жана дагы ырайымсыз мамиледен жабыркаган жашы жете элек өспүрүмдөргө жардам көрсөтүүгө катышкан мекемелер жана уюмдар болуп эсептелет, бул мекемелер төмөнкүлөр:

- бала укуктарын коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;
- ички иштер органдары райондук ички иштер бөлүмдөрү, шаардык милиция бөлүмдөрү ж.б.;
- мамлекеттик саламаттыкты сактоо уюмдары –травматологиялык пункттар, үй-бүлөлүк дарыгерлер борборлору/үй-бүлөлүк дарыгерлер топтору, балдар ооруканалары, СМЭРБ (соттук-медициналык экспертизанын республикалык бюросу), билим берүү мекемесинин медициналык кызматкерлери ж.б.;
- мамлекеттик билим берүү мекемелери – билим берүү системасындагы органдар, жалпы билим берүү мекемелер;
- акыйкатчы (Омбудсмен);
- жаштар иштери боюнча ыйгарым укуктуу органдар;
- жана башка ырайымсыз мамиледен жабыркаган балдарга жардам көрсөтүү процессине өз ыйгарым укуктарынын жана компетенциясынын чегинде катышкан уюмдар жана мекемелер .

## 6-БЕРЕНЕ Мекемелер аралык өз ара аракеттешүүнүн максаты.

Мекемелер аралык өз ара аракеттешүүнүн максаты, жалпы билим берүүчү мектепте билим берүү процессинин катышуучуларынын зомбулугунан жабыркаган окуучуларга комплекстүү жардам көрсөтүү жана зомбулуктун алдын алуу.

## 7-БЕРЕНЕ Мекемелер аралык өз ара аракеттешүүнүн милдеттери.

Мекемелер аралык өз ара аракеттешүүнүн милдеттери төмөнкүлөр:

- 7.1. жалпы билим берүү мекемесинде окуучулар тарабынан жана окуучуларга карата жасалган ырайымсыз мамиленин алдын алуу;
- 7.2. жалпы билим берүү мекемесинде окуучуларга карата зомбулук учурларын ачуу жана алардын эсеп-кысабын жүргүзүп, Кыргыз Республикасынын ноpмативдик укуктук актыларына ылайык жана берилген Мекемелер аралык өз ара аракеттешүү Протоколунда көрсөтүлгөн тартипте өз убагында мекемелер аралык өз ара аракеттешүүнүн субъекттерине кабар берүү;
- 7.3. баланын ата-энесин (мыйзамдуу өкүлү) же үй-бүлөнүн же баланын өзүнүн чөйрөсүндөгү башка чоң адамдарды баланын кызыкчылыктарын коргоого түрткү берүү жана окуучуларды жана ата-энелерди комплекстүү жардам алуу үчүн мекемелерге жана уюмдарга багыттоо;
- 7.4. зомбулуктан жабыркаган жалпы билим берүү мекемесинин окуучуларынын коргоосун уюштуруу;
- 7.5. агрессор(баскынчы)-окуучуга карата басмырлоого жол бербөө шартында коопсуздукту (коргоону) камсыз кылуу.

Сканировано с CamScanner

**2.18.4.** кызмат адамы, ата-энелер (мыйзамдуу өкүл) же окуучулар тарабынан окуучулардын укуктары бузулгандыгы жөнүндө, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жана ошондой эле жалпы билим берүү мекемесинин жетекчилигине даттанууга жана арыз менен кайрылууга;

**2.18.5.** окуу планында каралбаган иш-чараларга эркин түрдө катышууга;

**2.18.6.** сабактардын жана танапистердин, ар жылкы күзгү, кышкы, жазгы, жана жайкы каникулдардын бекитилген мөөнөтүн сактоого;

**2.18.7.** текшерүү иштеринин жана окуучулар арасында сурамжылоолордун мөөнөтү жана бериле турган тапшырмалардын көлөмү жөнүндө өз убагында маалымат/билдирүү алууга;

**2.18.8.** коюлган тигил же бул баанын коюлушунун критерийлери жөнүндө мугалимдерден түшүндүрмө алууга;

**2.18.9.** өзүнүн жүрүм-турумуна жана жетишкендигине байланыштуу маселелерди териштирүүгө катышууга;

**2.18.10.** өзү жөнүндө ишенимдүү маалыматтын сыр боюнча сакталуусуна;

**2.18.11.** өзүнүн жеке жашоосунун кол тийбестигине.

2.19. Билим берүү процессинин катышуучулары жогоруда жазылгандан башка дагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана жалпы билим берүү мекемесинин актыларында каралган укуктарга ээ.

## III БӨЛҮК Зомбулуктун түрлөрү жана белгилери

3.1. Мүнөзүнө жараша зомбулук физикалык, психологиялык, сексуалдык зомбулук, баланын муктаждыктарына кайдыгер мамиле жана эксплуатация (жумуш жасатууга колдонуу) деп каралат.

Атайын жасалбаган кадамдан улам келип чыккан зыян келтирүү учурлары (танапис учурунда, спорттук мелдештер учурунда, дене тарбия сабагы учурундагы жыгылуулар ж.б.у.с.) бул Нускаманын иш-аракеттери алкагында каралбайт.

3.2. Берилген Нускаманын иш-аракеттеринин алкагында жалпы билим берүүмекемесинде зомбулук таасир этүүчү оордугуна карата төмөнкү деңгээлдер жана түрлөр боюнча бөлүнөт:

**3.2.1.** IV деңгээлдеги таасир этүүгө окуучунун муктаждыктарына тоотпогон мамиле жасоо, берилген Нускаманын 3.2.4. пунктунда каралган кесепеттерге алып келбеген учурдагы эксплуатация кирет.

Жалпы билим берүү мекемесинде зомбулуктун бул түрүнө төмөнкүлөр кирет:

- санитардык-гигиеналык талаптардын, коопсуздук жана өрткө каршы коопсуздук техникаларын сактабагандык;
- сабактардан, мектептин иш-чараларынан четтетүү, сабактардан чыгаруу, директордун буйругунда расмий түрдө себебин аныктабай туруп сабактарга киргизбей коюу;
- билим берүү аракети учурунда окуучуларды кароосуз калтыруу;
- окуучуларга зыян алып келе турган же өлүмгө алып келе турган жумуштарды окуучуларга жасатуу (жогорку каттагы терезелерди жуудуруу, чоң жолго жакын жерлерди тазалатуу, оордугу балдар үчүн коюлган нормалардын чегинен ашкан жүк ташытуу ж.б.у.с.);



Сканировано с CamScanner

- жалпы билим берүү мекемесинин иш тартибин бузган жана окуу планына киргизилбеген эмгек ишмердүүлүккө окуучуларды катыштыруу;
- жалпы билим берүү мекемеси тарабынан зомбулук фактысы катталган учурда аракетсиздик, окуучуларды башка бир үчүнчү тараптан чыгып жаткан физикалык зомбулук жана коркутуулардан коргоодон баш тартуу, ошондой эле булардын ичинде окуучулардын, мугалимдердин жана ата-энелер баш тартуусу.

**3.2.2.** III деңгээлдеги таасир этүүгө, коркутуу-үркүтүү камтылган жана ошондой эле баланы психологиялык жабыркоого алып келбеген, суициддик иш-аракеттерге түртпөгөн, психикага зыян алып келе турган узакка созулган жагдайды жана башка оор психологиялык кесепеттерди жаратпаган психологиялык (эмоционалдык) зомбулук, күнүя коркутуу кирет.

Жалпы билим берүү мекемесинде зомбулуктун бул түрүнө төмөнкүлөр кирет:

- ачык жактырбагандык жана окуучуну дайым сындоо;
- адилетсиз жазалоо, сабактан кийин калтыруу, бурчка тургузуу;
- окуучулардан акча каражаттарын чогултуу;
- кыйкырык, кыймыл-аракет, ымдоо-жаңсоо, жагымсыз көз караштардын жардамы менен коркутуу;
- физикалык күч колдонбостон, сөз менен окуучуну коркутуу, кордоо жана анын кадыр-баркына доо кетирүү;
- кемсинткен формада айтылган эскертүүлөр, капа кыла тургандай, жаман аттарды колдонуу;
- каршылык жарыялоо, байкамаксандыка салуу, окуучуну атайын бөлүү, анын социалдык байланыштарын үзүү;
- жалган айтуу жана убадаларын аткарбоо;
- окуу жайдан чыгарам же башка окуу жайга которуп жиберем деп коркутуу;
- шылдыңдоо, ушак таратуу;
- дискриминация;
- окуучунун коопсуз чөйрөгө болгон негизги муктаждыктарына төтпөгөн мамиле;
- жаш курактык жана башка мүмкүнчүлүктөрүнө жооп бербеген, окуучуга өтө эле аша чапкан талаптарды коюу;
- окуучунун жөндөмдүүлүгүн жана физикалык абалын сыйлабагандык;
- окуучуну психикалык жабырланууга алып келген, бир жолку психикалык орой таасир этүү;
- билим берүү процессинин катышуучуларынын сүйлөө кебинде адепсиз сөздөрдү колдонуусу;
- окуучулар менен чыр-чатактын көп катталуусу.

**3.2.3.** II деңгээлдеги таасир этүүгө физикалык зомбулуктун ден соолуктун бузулушуна алып келбеген түрү кирет.

Алар:

- соккулар, түртүүлөр, чымчыган, тебүү, тиштөө;
- окуучуну буюм менен согуу (бор, китеп, портфель ж.б.у.с.);
- окуучунун жеке буюмдарын сындыруу (бүлүндүрүү).

**3.2.4.** I деңгээлдеги таасир этүүгө төмөнкүлөр кирет:

- коркутуу камтылган психологиялык (эмоционалдык), физикалык зомбулук;
- опуза талап;

Сканировано с CamScanner

- окуучунун өздүк буюмдарына жана акча каражаттарына кол салуу;
- ден соолукка зыян келтирүү, акыл жайылтысында окуучунун денесинин сыртында көрүнүп турган сыйрылган, көгөргөн, канталаган, кесик ж.б. тактардын болуусу жана ошондой эле ички органдардын иштешинин бузулушу;
- окуучуну алкоголдук ичимдиктерди ичүүгө, наркотикалык жана уулуу заттарды колдонууга тартуу;
- окуучуну антисоциалдык же деструктивдүү жүрүм-турумга чакыруу;
- сексуалдык зомбулуктун бардык түрү (окуучуну жыныстык катнашка тартуу, чечинүүгө мажбурлоо, сүрөткө тартуу, окуучуну сексуалдык муктаждыктарын канааттандырууга же кандайдыр бир материалдык же дагы башка пайда көрүү үчүн колдонуу, окуучуга карата бузук мамиле жасоо, сексуалдык асылгандык, окуучуга обу жок кол тийгизүүлөр).

3.3. I деңгээлдеги физикалык зомбулуктун түрлөрүнүн белгилери төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

- сөөктөрдүн же жумшак ткандардын жаракаты;
- көздүн тор кабыгынын канталап кетиши, денедеги, баштын жана буттардын ооруксунуп көгөрүүсү;
- күйүктүн белгилүү типтери (тамекиден, үтүктөн ж.б.);
- көгөрүү, кесиктер
- тиштин тактары ж.б.

3.4. Сексуалдык зомбулук төмөнкү белгилер менен байкалышы мүмкүн:

- жыныс органдарынын ар түрдүү майып болуусу;
- травмалар;
- эрте боюна бүтүп калуу;
- жыныстык катнаш жолу аркылуу жугуучу жугуштуу оруулар;
- көрүнүктүү себеби жок эле ичтин, моюндун ооруусу, кусуу;
- жаш курактын өзгөчөлүктөрүнө байланышкан ар кандай жүрүм-турумдук белгилер.

3.5. Окуучуларга карата жасалган зомбулуктун жүрүм-турумдук белгилери төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

- теңтуштары, улуулар менен физикалык байланыш куруудан коркуу;
- зомбулуктун, травманын себебин жашырууга аракет кылуу;
- уйлаак, жалгыздык, досторунун жок болушу;
- кыжырданган жүрүм-турум;
- терс мамиле, агрессивдүүлүк, жаныбарларга ырайымсыз мамиле;
- өз жанын кыюуга аракет жасоо;
- тынчыздангандык, кабатырлангандык (бармактарын соруу), уйкусунун бузулушу;
- узак убакыт бою көңүлсүз абалда болуу;
- жалгыз болууну самоо, башкалар менен мамиле түзө албагандык;
- жадатма мүнөздөгү сексуалдык оюндар, сексуалдык активдүүлүктүн жогору болуусу;
- ашыкча элпек келгич же ашыкча этияттык;
- өзүн-өзү төмөн баалайт;
- жаман окуйт, сабактарды калтырат;
- окуу жайга эрте келип кеч кетүүгө аракет кылат;

Сканировано с CamScanner

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА**
**ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**КОЧКОР РАЙОНДУК**
**БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ**

722800, Нарын облусу, Кочкор айылы, Токтогул
көч. 65,
тел/факс (03535) 50-971
kochkor rubbb@mail.ru
э/э № 1290274131410073
ИНН 00708199210073
ОКПО 02169542

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**МИНИСТЕРСТВО**
**ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ**
**КОЧКОРСКИЙ РАЙОННЫЙ**
**ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ**

722800, Нарынская область, с. Кочкор, ул.
Токтогула 65, тел/факс (03535) 50-971,
kochkor rubbb@mail.ru
р/с № 1290274131410073
ИНН 00708199210073
ОКПО 02169542

---

**Сиздердин № катыныздарга**
**№ [illegible] 27-январь 2021-жыл**

**Мектеп директорлоруна**

Кыргыз Республикасынын вице-премьер-министринин үй-бүлөлүк зордук-зомбулук жана балдарга ырайымсыз мамиле, зордук-зомбулукту аныктоо максатында тиешелүү органдардын кызматкерлери менен биргеликте үймө-үй кыдырууну жүргүзүү боюнча кеңешмесинин 2020-жылдын 29-декабрындагы №20-81 протоколдук тапшырмасын аткарууга жиберебиз.

2021-жылдын январь, февраль айларында үй-бүлөлүк зордук-зомбулук жана балдарга ырайымсыз мамиле, зордук-зомбулукту аныктоо максатында тиешелүү органдардын кызматкерлери менен биргеликте үймө-үй кыдырууну жүргүзүүнү жана кыдыруунун жыйынтыктары жана иш пландын аткарылышы боюнча Кочкор райондук билим берүү бөлүмүнө 2021-жылдын 19-февралынан кечиктирбей так жана фотоотчет берүүнү тапшырам.

**Башчы:** **Т.Бактыгулов**

Атк. А.Буржуева, методист. 03535 60152

# Сабактын планы

**Предмет** ________ **Класс** ________

**Сабактын темасы** [illegible]

**Сабактын максаты**

1. Билим берүүчүлүк максаты [illegible]

2. Өнүктүрүүчүлүк максаты [illegible]

3. Тарбия берүү максаты [illegible]

**Сабактын жабдылышы** Видеолентер, сүрөттөр.

**Сабактын жүрүшү**

1. Уюштуруу [illegible]
2. Үй тапшырма суроо [illegible] текшерүү.

[illegible]

Балам жок, бел колумда муунум жок. Бел кочто
турган уулум жок. Кайрылышта муңдашуу
Кайгырган барын ким көрөт, Кайгырган жанын
ким тоёт. Оргудан бала болбосо. Арман экен, Эне
муңдары. Анда эмне төмөнкү слайдга көңүл буралы
"Ата-энесинин мээриминен зар бул балдар үйүн
көчөдөгү жертөлөлөрдү таштанды баш калган и
Бул балдарынын тагдыры тууралуу кандай
пикирдесиңер"
М: Балдар ар кандай себептердин натыйжасында үй
тагдырларга туш болушту. Балалыгы кайталангыс
кысталуу, кайгыруу, окуусу, ойноо, кийүү ж.б. чо
орун жоголгон окуучулар.
Бул балдар бүгүн бактысыз болсо, келечекте
бактылуу болот деген ойдомун.
М: Биздин ата-бабаларыбыздын накыл сөздөрү
эске түшүрсөк. Макал-макал жана макалга
көңүл буралы.
Окуучулар: Ата даңкы мн баласы торго отой.
- Ата жакшысы - уул жакшысы, эне жакшысы - кыз жа
- Жакшы ар, жаман кон
- Бирөөнү көрдөсөң, кийин сени башка бирөө көрдө
- Балалуу үй базар, баласыз үй мазар.
- Ата-эне тоо, эне бооруңдагы булак, бала ортосунда
күйүп турган шам чырак.
Бышыктоо - Көп баскан адам бок басат.
М: Бул макалдар жооп берген алынган.
Фильмге көңүл буралы "Арман" тасмасынан үз
М: Айрым муундагы акыркы маалыматтарга
кайрылсак.
а. Кыргызстанда 13 балдар үйү бар.
б. Ички иштер министрлигинин маалыматы б/ча
2004.12. Байда 480 бала дайынсыз жоголгон 427 табылган
53 бала дайынсыз жок издөө жүрүп жатат.
М: Жеңишбек атабуудун "Балалык" деген ырын айт.
бар жаманыда билбедим.
Үйгө тапшырма Эки жашар болгондо.
Энемди эркелеп
ыйлап жүргөн балалык.
Үчкө жашым толгондо,
Үй-бүлөдө ишим бар.
Үйдүн ичин чаңыттым.
Үч көтөрчү ишим бар.
Окуучулардын билимдерин баалоо

Сканировано с CamScanner

Өрдөккө жамгыр тамчыдай,
Чаңга маал торгойдой
Сайраган турган балалык-
Жоогазындай жайлоодо
Жайнап турган балалык-
Бешик жашы баргандо-
Өзүн сууну байлашып
Кей дүйнөгө болбостон
Балчык кечип ойношуп.

Алдыда көрүп отургандай бул балдардын жашоосу Жаңыжок атабыз айткандай болбой жат. Тескеринче, аларга мээрим төккөн эч ким жок.

И: Араларында оз балдарына мээримин төккөн адамдар жок эмес. Буга бүгүнкү күнчө тескитебиз Темир Назаровдун и Бакамач деген окуу далил боло алат. (клипп).

И: Ырлас жашоодон, ойлонсоу журум-турумдан алыс болгула. Ыз кантыбуздан жараткан балдардын тагдырына башыбыз менен жооп беребиз.

Алардын келечек тагдыры бүгүн, чаңдардын, ата энелердин колунда. Ч. Айтматов айткандай. „Адамга эң кыйыны – күн сайын адам болуу".

Жаныбуктан адамдык сапаттарыбызды жоготпой, адам боюнча калышыбыз зарыл. Ошон үчүн ар бир баскан кадамыбызга жоопкерчиликтүү карап, жеңил ойлуу болбоого чакырам.

1/Й тапшырма- „Менин бактылуу балалыгым" деген темада дил баян жазуу.